**Пресс-релиз**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн он пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алды**

Улуттук банк Башкармасы 2015-жылдын 26-октябрында эсептик чен өлчөмүн 10,00 пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алды.

Кыргыз Республикасында экономиканын алгылыктуу өсүш арымы сакталууда. Жылдын январь-сентябрь айларындагы 6,3 пайыз чегинде катталган экономикалык өсүш эң башкысы, «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүштүн артышы менен шартталган. Реалдуу ички дүң өнүмдүн өсүш арымы «Кумтөрдү» эске албаганда 4,3 пайызды түзгөн.

Октябрь айында инфляция деңгээлинин басаңдашы катталып, анын жылдык өсүш арымы сентябрь айындагы 6,4 пайыздан октябрдагы (16сына карата) 5,2 пайызга чейин кыскарган. Бул товарлардын азык-түлүк тобуна баанын өсүш арымынын төмөн болушунан жана күйүүчү-майлоочу майга ички баанын арзандашынан улам түптөлгөн.

Инфляциянын мындан аркы динамикасы валюта рыногундагы жагдай, Евразия экономикалык бирлигинин алкагында тышкы соодалык өз ара карым-катыштын өнүгүү арымына, мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын бирдей ченемде сарпталышы менен аныкталат.

Улуттук банк өлкө экономикасындагы жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде акча-кредит саясаты жагында тиешелүү чараларды көрөт.

Акча-кредит саясаты орто мөөнөттүк аралыкта инфляцияны 5-7 пайыз деңгээлинде чектеп турууга багытталат, бул Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттарына да ылайык келет.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2015-жылдын 30-ноябрына пландаштырылган.